Каралды
Кесиптик бирликтин
төрайымы: ________ Эшимбекова А.К.
№ 1
“30” 08 2022-ж

Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
________ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин педагогикалык кызматкерлердин кесиптик этикасынын ченемдери жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Педагогикалык этика жөнүндө Жобо Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин администрациясы жана мугалимдер курамынын кесиптик этикасынын негизги принциптерин аныктайт, педагогикалык иш-аракет жана мугалимдер менен окуучулардын ошондой эле окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

1.2. Кесиптик этиканын жоболору төмөнкүлөргө багытталган:
- окутуучулук курамдын адамдык баалуулугун жана кадыр-баркын коргоо;
- баланын инсандыгын урматтоо, окуучулардын өз пикирин жана ишенимин билдирүү укугу;
- ишенимдин негизинде мектептин имиджин калыптандыруу, жоопкерчилик жана акыйкаттык;
- мугалимдер жамааты тарабынан эмгек натыйжалуулугун жогорулатуу милдеттери.

1.3. Педагогикалык этиканын ченемдери салттуу негизде орнотулган адеп-ахлак нормалары, конституциялык жоболор жана Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары ошондой эле баланын укуктарынын жоболоруна ылайык аныкталды.

## 2. Максаттары жана милдеттери

2.1. Жобонун максаты - педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу жана мектептеги ыңгайлуу шарттарды түзүү, мектептин имиджин жакшыртуу үчүн мугалимдердин жүрүм-турумунун бирдиктүү этикалык нормаларын жана эрежелерин орнотуу.

2.2. Этикалык ченемдердин милдеттери:
- жалпы кабыл алынган адеп-ахлак нормаларына негизделген мамилелерди түзүү;
- билим берүү процессинде мугалимдин моралдык жоопкерчилигин сактоо жана окуучуларды жогорку инсандык сапаттарга тарбиялоо;
- педагогикалык иштин коомдогу маанисин, кадыр-баркын жогорулатуу жана алардын ишмердүүлүгүндө сый мамилеге жетишүү;
- педагогикалык кесиптик этика принциптеринин кызматкерлер тарабынан сакталышын көзөмөлгө алуу.

## 3. Педагогикалык этиканын принциптери

3.1. Педагогикалык этиканын негизги принциптери:

- гумандуулук;
- калыстык жана чынчылдык;
- кесипкөйлүк жана өзүн-өзү өнүктүрүү;
- өз милдеттерин аткарууда жоопкерчилик;
- өз ара урматтоо;
- мыйзамдуулук;
- окуучулардын укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук жана маданий салттарды урматтоо;
- жалпы адамзаттык баалуулуктар, адеп-ахлак принциптерин жана адеп-ахлакты сактоо;
- окуучулардын жынысына, рассасына, тилине, жарандыгына карата укуктарын түз, жашыруун жана (же) кыйыр басмырлоого же чектөөгө жол бербөө;
- окуучуларды мекенди сүйүү, элдердин достугу рухунда тарбиялоо;
- педагогикалык иштин уюштуруу методдорун жана формаларын тандоо эркиндиги;
- окутуу жана тарбиялоо принциптеринин биримдиги;
- илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктеринин негизинде өз билимин өркүндөтүү;
- окуучулар жана алардын үй-бүлөлөрү менен тыгыз кызматташуу; теңдик;
- коллегиалдуулук;
- купуялуулуктун сакталышы

3.2. Педагогикалык кадрлардын кесипкөйлүгүнүн маанилүү көрсөткүчү алардын компетенттүүлүгү, түшүнүктүү жана так жеткире билүү жөндөмдүүлүгү, сүйлөө маданияты, сабаттуулугу, карманган ойлорунун актуалдуулугу жана далилдери менен кыскача сүйлөө жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

## 4. Педагогикалык жамааттын укуктары, милдеттери жана чектөөлөрү.

### 4.1 Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:

- окутуунун формаларын жана методдорун тандоо эркиндиги;
- инновациялык методдорду жана ыкмаларды түзүү жана колдонуу, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүү, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны киргизүү;
- инновациялык методдорду жаратканы, колдонгону жана ишке киргизгендиги үчүн сыйланууга;
- автордук укук боюнча жаңы программаларды, окуу китептерин жана билим берүүнү иштеп чыгууга катышуудагы артыкчылыктарга;
- категорияны жогорулатуу максатында эрте аттестациялоо үчүн арыз жазууга;
- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамында белгиленген тартипте квалификациясын жогорулатуу үчүн курска барууда жарым-жартылай иштөөгө;
- мектепти башкарууга катышууга;
- өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;

- кызматтык иликтөө үчүн мектептин директоруна кайрылууга

**4.2. Педагогикалык кызматкердин милдеттери:**

- өз ишин жогорку кесиптик деңгээлде жүргүзүү, окутулган предметтин толук аткарылышын камсыз кылуу;
- укуктук, моралдык жана этикалык нормаларды сактоого;
- окуучулардын жана билим берүүнүн башка катышуучуларынын арасындагы мамилени жана ар-намысын сыйлоого;
- окуучулардын өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн, чыгармачылыгын өркүндөтүү жана жашоо жөндөмүн калыптандыруу;
- окуучулар арасында сергек жана коопсуз жашоо маданиятын калыптандыруу;
- педагогикалык жактан сапаттуу билим берүү формалары, окутуунун жана тарбиялоонун алдыңкы методикасын колдонуу;
- окуучулардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана алардын абалын эске алуу;
- ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга медициналык персонал жана мектептин психологу менен ден-соолук, билим алуу үчүн зарыл болгон өзгөчө шарттарды сактоо;
- кесиптик деңгээлди системалуу түрдө жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүү жаатында аттестациядан өтүүгө;
- Жумушка орношкондо Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын егизинде мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүп турууга;
- Мектептин Уставын, Ички Эмгек Эрежелерин жана мектептин башка ченемдик укуктук актыларын сактоого;
- окуучуларга, ата-энелерге жана башка мектептин кызматкерлерине сылык мамиле жасоого;
- иштөөдө чынчылдыкты, токтоолукту, сылыктыкты жана кылдаттыкты көрсөтүү;
- билим берүү мамилелеринин катышуучулары, бири-биринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоо керек;
- билим берүү мамилелеринде оройлукка, орой сөздөрдү колдонууга жол бербөө, суйлөө маданиятын сактоого;
- педагогикалык кызматкердин жалпы кабыл алынган бизнес Сталине ылайыктуу кийинүү;
- сабак учурунда уюлдук телефонду өчүрүп коюп иштөө;
- педагогдун функционалдык милдеттерине байланыштуу маалыматка ээ болууда анын купуялуулугун камсыз кылуу;

4.3. Педагогикалык кесиптик этиканы мектептин кызматкерлери бузганга жол берилбейт.

**Педагогикалык жамаат төмөнкүлөргө укуктуу эмес:**

- мектепте диний, атеисттик пропаганда жүргүзүүгө;
- айрым саясий партиялардын идеялары боюнча мектепте үгүт иштерин жүргүзүүгө;
- окуучуларды же педагогикалык кызматкерлерди иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга тартууга;
- окуучуларга ар кандай түрдөгү (физикалык, психологиялык, моралдык) зомбулук көрсөтүүгө;
- башка адамдарга жынысына, жашына, расасына, динине, улутуна, тилине, жарандыгына, социалдык же үй-бүлөлүк абалы, ден-соолугунун

абалына карата басмырлоо мүнөзүндөгү ар кандай билдирүүлөрдү айтууга жана аракеттерге баруусуна;
- ороийлукка, текебердик көрүнүштөргө, коркутууга, кемсинтүүчү сөздөргө же эскертүүлөргө, тоскоолдук кылган аракеттерге же мыйзамсыз жүрүм-турумга;
- өз көз караштарын, ишенимдерин жана артыкчылыктарын таңуулоого;
- окуучулардын инсандыгын жана анын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн инсандыгын баалоо;
- кесиптештердин ишмердүүлүгүнө жана алардын аракеттерине бир тараптуу баа берүүгө;
- окуучулардын кемчиликтерине жеке жана психологиялык негиздерге таянып окуу материалын түшүндүрүүдөн баш тартууга;
- акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө жана билим берүү кызматтары (консультациялар, олимпиадаларга даярдануу ж.б.) үчүн кошумча акы төлөөнү талап кылууга;
- жумуш убагында тамеки тартууга, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө;
- жумушка мас абалында келүүгө;
- жумуш учурунда, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдү жана кат алышууларды жүргүзүүгө.

**4.4. Педагогдук-окутуучулук курам өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө төмөнкүлөрдөн алыс болуусу керек:**
- мектептин имиджине жана кадыр-баркына доо кетирүүчү чыр-чатактуу кырдаалдардан;
- мектептин иши жөнүндө кадыр-баркка сыйбаган сын-пикирлер же аны башка билим берүү уюмдары менен негизсиз салыштыруудан;
- кошоматчылыктан, эки жүздүүлүктөн, калп көрүнүштөрдөн;
- окуучуларга же башка адамдарга жынысына, жашына, расасына, улутуна, тилине, жарандыгына, социалдык абалына, ден-соолугунун абалына карата дискриминациялык мүнөздөгү ар кандай билдирүүлөрдү жана аракеттерди жасоодон;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга адепсиз мүнөздөгү катаал жана циникалык билдирүүлөрдү айтуудан;
- татыксыз, негизсиз комментарийлерден айыптоодон;
- коркутуулар, кемсинткен сөздөр-же эскертүүлөр, тоскоолдук кылган иш-аракеттер же мыйзамсыз жүрүм-турумга түрткү берүүдөн.

**5. Коррупциянын алдын алуу**

5.1. Мектеп мугалими башкалар тарабынан жасалган же коррупциялык укук бузуучу жүрүм-турумдан алыс болушу керек;

5.2. Коррупцияга каршы күрөшүү максатында мугалимдерге төмөнкү эрежелер сунушталат:
- кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу жеке жана юридикалык жактардан сый акы алышпайт (белектер, акчалай сыйлык, кызмат көрсөтүүлөр, материалдык мүнөздөгү, көңүл ачуу, эс алуу жана башка сыйакылар үчүн акы төлөө);
- кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда жеке кызыкчылыкка жол бербөө жана кагылышуунун келип чыгышына жол бербөө чараларын көрүү;
- кызыкчылыктардын кагылышынын пайда болушун билээр замат ал тууралуу түздөн-түз жетекчиге билдирүү;
- кызматтык милдеттерин аткарууда чынчыл болуу;
- пара алууга, пара берүүгө же башка коррупциялык кылмыштарга жол бербөө.

**6. Педагог жана окуучунун мамилелери**

6.1. Мугалимдин окуучу менен болгон мамилеси окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин өз ара сыйлоо жана урматтоо принциптерине негизделет.

6.2. Педагогикалык кызматкер:

- өзүнө талапты коё билиши керек жана окуучуга карата негиздүү жана объективдүү талап кылышы керек;
- окуучулардын кайрылууларын, даттанууларын кунт коюп карап чыгуусу зарыл;
- окуучунун өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн жумушчу ыкманы колдонуусу жана өзүн өзү башкара билүү, өзүн-өзү тарбиялоо, кызматташууга жана башкаларга жардам берүүгө умтулуусу;
- окуучунун өзүн сыйлоосун жана өзүнө болгон ишенимин күчөтүүгө умтулуу;
- бардык окуучуларга бирдей, боорукер жана жагымдуу мамиле кылуусу шарт;
- окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо объективдүүлүккө жана калыстыкка умтулат.
- Балдардын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн көрүнүшүн сактоо үчүн жасалма түрдө төмөн баалоо же жогору баалоого жол берилбейт;
- өзүнүн сүйлөө жана баарлашуу маданиятын дайыма сактайт;
- өзүнүн кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланбайт;
- окуучулардын диний ишенимдерине толеранттуу жана купуялуулукту сактайт ошондой эле окуучуларга эч кандай өз көз карашын таңуулоого укугу жок.

**7. Педагогикалык кызматкердин кесиптештери менен мамилелери**

7.1. Педагогикалык кызматкер өзүнүн мамилесин кесиптештери жана башка мектеп кызматкерлери менен өз ара урматтоо жана коллегиалдуулук принциптеринин негизинде түзөт.

7.2. Педагогикалык кызматкер:

- коллегиалдуулук атмосферасын сактоого;
- кесиптешеринин жана башка мектеп кызматкерлеринин кесиптик ой пикирине жана ишенимине урматтоону көрсөтөт;
- жаш кесиптештерге кеңеш жана жардам берүү.

7.3. Мектептеги кесиптештери жана башка кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү процессинде мугалимдер төмөнкүлөрдөн алыс болууга милдеттүү:

- башка окутуучулар курамынын иши жөнүндө жаман сөздөрдү айтуудан;
- кесиптештерге карата бир тараптуу жана тескери мамиледен;
- кесиптештери менен дагы, окуучулардын ата-энелери менен дагы алардын жеке жашоосун талкуулоодон;
- кесиптештерин талкуулоо жана окуучулардын же башка адамдардын катышуусунда алардын ишине баа берүү;
- чыр-чатактуу мамиледен.

**8. Педагог жана мектеп администрациясы**

8.1. Мугалимдин мектеп администрация менен болгон мамилеси коллегиалдуулуктун, кесипкөйлүктүн, жоопкерчиликтин принциптерине, алардын милдеттери, теңдиги жана мыйзамдуулугуна негизделген

8.2. Администрация:

- педагогикалык жамааттын пикирине, ар кандай саясий, диний көз караштарга, башка ишенимдерине сабырдуулук менен мамиле кылат;
- мектеп кызматкерлерин ишеними үчүн же жеке мамилелеринин негизинде басмырлоого, тоготпоого же куугунтуктоого укугу жок;
- мектеп кызматкерлеринен өзүнүн жеке жашоосу жөнүндө маалыматты талап кылууга же чогултууга укугу жок;
- мектеп кызматкерлеринин фактыларына жана эмгегине жараша ачыктык жана калыстык принциби боюнча чечим кабыл алат;

8.3. Администрация мугалимди мектептин ишдүүлүктөрүнө байланыштуу кайрылуулары (даттануулар, арыздар) жана сын пикирлери (ар кандай билдирүүлөр жана наразычылыктар) үчүн жоопко тартууга укугу жок. Бирок мында:

- сын пикир, биринчи кезекте, ачык болушу керек, башкача айтканда, мектептен сырткары айтылбашы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү ченемдик укуктук актыларынын негизинде, белгиленген тартипте чагылдырылышы керек;
- сын пикир, ишти өркүндөтүүгө жана көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган акылга сыярлык, конструктивдүү, сыпайы болушу керек;
- сын пикир, сынга алынган адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек;
- сын пикир ачык болуп, керек болсо, мектептин башкаруу органдары менен бирдикте коллектив ичинде талкууланышы керек.

**8.4. Администрациянын өкүлдөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- ушул эрежелердин жалпы кабыл алынган адеп-ахлак нормаларын жана жүрүм-турум нормаларын кармануунун үлгүсү болуу;
- ушул жобо менен белгиленген этиканын принциптерине жана ченемдерине негизделген педагогикалык коллективдин мамилелерин жөнгө салууга;
- суйлөө этикетинин нормаларын сактоого;
- коллектив ичиндеги интригаларды, ушактарды басуу;
- педагогикалык кызматкерлердин кайрылууларын кароону жана объективдүү чечимдерди кабыл алууну камсыз кылууга;
- мектептин иш-аракеттеринин максималдуу ачыктыгына көмөктөшүү;
- кызыкчылыктардын кагылышуусунун алдын алуу;
- кызматтык абалды жеке кызыкчылыктар үчүн пайдаланбоого;
- формализмди, менменсинүүнү, оройлукту көрсөтпөө;
- трайбализмдин пайда болушуна жол бербөө (шефтик жардам көрсөтүү, тууганчылык, бир тууганчылык, жеке берилгендик, достук белгилери);

- өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын атайылап мектептин кызыкчылыгына каршы келген жеке кызыкчылыктарга колдонууга жол бербөөгө.

**9. Педагогикалык кызматкер жана окуучунун ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөр) ортосундагы мамиле.**

9.1. Мугалимдин окуучунун ата-энеси менен болгон мамилеси өз ара сый урмат, гумандуулук, адилеттүүлүк жана мыйзамдуулук, кесипкөйлүк принциптерине негизделет.

9.2. Педагогикалык кызматкерлер ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен өз ара аракеттенүү процессинде төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ар бир ой пикирди көңүл коюп угуу, сылык-сыпаа, боорукер, жардам берүүгө даяр болуу;
- чыдамдуулукту, токтоолукту көрсөтүү жана ата-энелердин өтүнүчтөрүнө кылдат мамиле кылуу;
- ата-энелер менен сый мамиледе болуу;
- суйлөө маданиятын сактоого;
- билим берүү процесси боюнча зарылчылыкка жараша кеңеш берүү, колдонулуп жаткан мыйзамдардын жана талкууланып жаткан маселе боюнча жергиликтүү актылардын талаптарын түшүндүрүп берүү;
- кайрылуулардын маңызы боюнча чечимдерди кабыл алууга (ыйгарым укуктар жетишсиз болсо, ыйгарым укуктуу адамдын координаттарын кабарлоо);
- купуялуулук принцибин сактоого;
- чыр-чатактуу кырдаалдардан алыс болууга.

**10. Ушул жобону бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

10.1. Педагогикалык кызматкер ушул эрежелердин нормаларын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жооп берет.

10.2. Ушул Жобонун талаптарын бузуу мугалимдин өз милдеттерин аткарбоосу же талаптагыдай аткарбоосу деп эсептелет.

**11. Корутунду жобо**

- 11.1. Ушул Жобонун эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө, талаш маселелерди чечүү, талаш-тартыш кырдаалдар, ошондой эле нормаларды бузуу боюнча кайрылууларды кароо, ушул Жобо менен белгиленген жана мектептин директорунун буйругу менен түзүлгөн эмгек талашын көзөмөлдөө комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат, ошондой эле комиссиянын иши мыйзамдуу түрдө, белгиленген тартипте тиешелүү жергиликтүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат.

11.2. Бул Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

11.3. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мыйзамда белгиленген тартипте мектептин эмгек жамааты тарабынан профсоюздук чогулушта киргизилиши мүмкүн.